**2021-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунда бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

«Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, 2025-жылга карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 8-апрелиндеги № 06-1/185 жана 2025-жылдын 22-апрелиндеги № 06-1/211 буйруктарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунда бюджеттин аткарылышына шайкештик аудит жүргүзүлдү.

**Жооптуу тараптар жана аудиттин субъектиси**

Бул аудит боюнча жооптуу тарап жана аудит субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту болуп эсептелет.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жалпы милдеттерине мыйзамдуу орган тарабынан өкүлдөлгөн ыйгарым укуктарды ишке ашыруу жана каражаттарын тескөө, ошондой эле ушул аудиттин предметине карата жооптуу болуу.

**Аудиттин милдети**

Аудит субъектисинин ишине жүргүзүлгөн аудиттин негизинде аудиттин критерийлерине аудит предметинин шайкештиги боюнча өз алдынча корутундуга келүүдө турат. Аудит корутундуларды тастыктаган, жетиштүү жана тиешелүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт.

**Аудит мезгилинде каржылоону тескөөчүлөр төмөндөгүлөр болгон**

– Биринчи кол коюу укугу менен: Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун төрагасы К.А. Дуйшеев – 01.07.2019-жылдан тартып 02.02.2022-жылга чейин, Э.Ж.Осконбаев – 02.02.2022-жылдан тартып азыркы мезгилге чейин;

– Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун аппаратынын жетекчиси: Р.Ж.Чикеев – 07.10.2019-жылдан 09.02.2022-жылга чейин, М.Т. Джаманкулов – 10.02.2022-жылдан тартып 15.09.2023-жылга чейин; К.Т. Масалбеков 03.10.2023-жылдан тартып азыркы мезгилге чейин;

– Экинчи кол коюу укугу менен: Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун каржы-чарба бөлүмүнүн башчысы А.М. Бокоева, азыркы мезгилге чейин.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Аудит INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык келиши**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдерди сактоону, ошондой эле аудиттин предмети, анын бардык маанилүү аспектилери боюнча мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келээрине негиздүү ишенимде болгудай аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аудиттин критерийлери**

Ушул аудиттин предметинин ылайык келүүсүн баалоо боюнча критерийлер төмөндөгүлөр болуп саналат:

- 2016-жылдын 16-майындагы № 59 Кыргыз Республикасынын "Бюджеттик Кодекси";
- 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 138 "Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы;
- 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 133 "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө";
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алуу жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускама;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобо;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобо;
- жана башка ченемдик актылар.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мындан мурдагы аудитинин натыйжалары боюнча сунуштамалардын аткарылышы**

01.01.2019-жылдан 31.12.2021-жылга чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Конституциялык палатасынын бюджетинин аткарылышына мурдагы аудитти Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын башкы мамлекеттик инспектору Д.М. Такырбашева жүргүзгөн. Аудиттин жыйынтыгы боюнча сунуштамалар толугу менен аткарылган.

**Аудит объектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

1991-жылдын августунда Кыргызстандын эгемендигинин жарыяланышы жана 1993-жылдын 5-майында жаңы Конституциянын кабыл алынышы менен Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту Конституцияны коргоо боюнча сот бийлигинин жогорку органы болуп аныкталган.

2010-жылдын 27-июнундагы Конституция менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы түзүлгөн.

Өткөрүлгөн референдумдун (бүткүл элдик добуш берүүнүн) натыйжасында, 2021-жылдын 11-апрелинде жаңы редакциядагы Конституция кабыл алынган, ал 2021-жылдын 5-майындагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен колдонууга киргизилген. Кабыл алынган Конституцияга ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту түзүлгөн.

Конституциялык сот конституциялык сот адилеттиги боюнча Дүйнөлүк конференция, Азия конституциялык сотторунун жана ага теңештирилген институттарынын ассоциациясы, Конституциялык контролдоо органдарынын Евразиялык ассоциациясы сыяктуу кесипкөй эл аралык жана региондук бирикмелердин толук укуктуу мүчөсү болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту 200,0 евро суммасындагы ар жылдык взносту бюджеттик каражаттардан төлөйт, анткени, конституциялык сот адилеттиги боюнча Дүйнөлүк конференциянын мүчөсү болуп саналат.

**2021-2024-жылдары бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит**

Чыгымдар беренеси боюнча төмөндөгүдөй акча каражаттары бөлүнгөн:

2021-жылы – 50431,8 миң сом, кассалык чыгымдар – 49195,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар – 47917,1 миң сомду түздү.

Чыгымдардын сметасы бардыгы болуп 50431,8 миң сом суммасында, бекитилген сметадан 110,8 миң сомго азаюу менен такталган, чыгымдар беренелери боюнча: “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу” беренеси боюнча азаюу 2202,6 миң сомду түздү, “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу” – 1340,0 миң сом, муну менен катар “Эмгек акы” чыгымдардын корголгон беренеси боюнча +4022,2 миң сомго көбөйгөн.

Кассалык чыгымдар менен такталган сметанын ортосундагы 1236,2 миң сом суммасындагы айырма бюджетке кайтарылган. Кассалык чыгымдардын

иш жүзүндөгү чыгымдардан 1278,4 миң сомго көбөйүшү негизги фонддорду сатып алуу менен түшүндүрүлөт.

2022-жылы – 60 883,1 миң сом суммасында акча каражаттары бөлүнгөн, кассалык чыгымдар – 60764,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар – 54702,9 миң сомду түздү.

Чыгымдардын сметасы бардыгы болуп 60764,6 миң сом суммасында, бекитилген сметадан 118,5 миң сомго азаюу менен такталган, чыгымдар беренелери боюнча: “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу" беренеси боюнча азаюу 1670,3 миң сомду түздү, “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу” – 691,7 миң сом, муну менен катар чыгымдардын корголгон “Эмгек акы” беренеси боюнча +1892,0 миң сомго көбөйгөн.

Кассалык чыгымдар менен такталган сметанын ортосундагы 4609,1 миң сом суммасындагы айырма бюджетке кайтарылган. Кассалык чыгымдардын иш жүзүндөгү чыгымдардан 1452,6 миң сомго көп болушу негизинен 1447,0 миң сомго негизги каражаттарды сатып алуу менен түшүндүрүлөт.

2023-жылы – 65039,9 миң сом суммасында акча каражаттары бөлүнгөн, кассалык чыгымдар – 63136,2 миң сом, иш жүзүндөгү чыгымдар – 64047,2 миң сом.

Чыгымдардын сметасы бардыгы болуп 65039,9 миң сом суммасында, бекитилген сметадан 3000,0 миң сомго көбөйүү менен такталган, Чыгымдар беренеси боюнча көбөйүү “Эмгек акы” беренеси  боюнча – 4730,0 миң сомго, “Машиналар жана жабдуулар” беренеси боюнча 159,4 миң сом суммасына болгон. Муну менен катар “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу” беренеси боюнча чыгымдар сметасынын көлөмү – 3364,7 миң сомго, “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу” беренеси боюнча 1475,3 миң сомго азаюу бар.

Кассалык чыгымдар менен такталган сметанын ортосундагы 1903,7 миң сом суммасындагы айырма бюджетке кайтарылды. Иш жүзүндөгү чыгымдардын кассалык чыгымдардан 911,0 миң сомго ашырылышы Президенттин резервдик фондунан пайдаланууга байланыштуу деп түшүндүрүлөт.

2024-жылы – 70957,2 миң сом суммасында акча каражаттары бөлүнгөн, кассалык чыгымдар – 70865,5 миң сом, иш жүзүндөгү чыгымдар – 69908,6 миң сом.

Чыгымдардын сметасы бардыгы болуп 70957,2 миң сом суммасында, бекитилген сметадан 3141,8 миң сомго көбөйүү менен такталган. Чыгымдар беренесинин негизинде “Эмгек акы” беренеси боюнча көбөйүү – 4122,0 миң сомго, “Социалдык фондго төлөмдөр” – 678,2 миң сомго жүргүзүлгөн, муну менен катар “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу” беренеси боюнча чыгымдар сметасынын көлөмү 2336,7 миң сомго, “Машиналар жана жабдуулар” беренеси боюнча 877,3 миң сомго азайган.

Кассалык чыгымдар менен такталган сметанын ортосундагы 91,7 миң сом суммасындагы айырма жеткире  каржылабоо менен түшүндүрүлөт.

Кассалык чыгымдардын иш жүзүндөгү чыгымдардан 956,0 миң сомго ашырылышы негизги каражаттарды сатып алууга байланыштуу болгон.

2021-2024-жылдары бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасы

миң сом

| жылдар | бекитилген | такталган | Четтөө (4-3) | Кассалык чыгымдар | Иш жүзүндөгү чыгымдар | Четтөө (7-6) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 2021 | 50542,6 | 50431,8 | -110,8 | 49195,6 | 47917,2 | -1278,4 |
| 2022 | 60883,1 | 60764,6 | -118,5 | 56155,5 | 54702,9 | -1452,6 |
| 2023 | 62039,9 | 65039,9 | +3000,0 | 63136,2 | 64047,2 | +911,0 |
| 2024 | 67815,4 | 70957,2 | +3141,8 | 70865,5 | 69 908,6 | -956,9 |

Жалпы чыгымдардын эң көп салыштырма салмагын:

2021-жылы “Эмгек акы” беренеси боюнча – 39352,2 миң сом же 80%, “Социалдык фондго төлөмдөр”– 5261,2 миң сом – 10,7%, “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу” – 2033,7 миң сом, же 4,1%, калган чыгымдар – 5,2% түзгөн.

2022-жылы “Эмгек акы” беренеси боюнча – 43171,3 миң сом же 77%, “Социалдык фондго төлөмдөр” – 6393,7 миң сом – 11,4%, “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу” – 2503,7 миң сом, же 4,5%, калган чыгымдар – 7,1% түзгөн.

2023-жылы “Эмгек акы” беренеси боюнча беренеси боюнча чыгымдар – 48167,5 миң сом же 76,3%, “Социалдык фондго төлөмдөр”– 6547,2 миң сом – 10,4 %, “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу” – 4315,9 миң сом, же 6,8%, калган чыгымдар – 6,5% түзгөн.

КР Президентинин 2023-жылдын 15-июнундагы № 107 тескемеси менен КР Конституциясынын 30 жылдык юбилейине арналган эл аралык конференцияны өткөрүү үчүн, КР Президентинин фондунан КР Конституциялык сотунун эсептешүү эсебине 3167,7 миң сом суммасында акча каражаты бөлүнгөн, бул суммадан 2634,1 миң сом суммасында чыгымдар жүргүзүлүп, үнөмдөө 533,6 миң сомду түзгөн, алар республикалык бюджеттин эсебине которулду.

2024-жылы “Эмгек акы” беренеси боюнча беренеси боюнча чыгымдар – 54771,9 миң сом же 77,3%, “Социалдык фондго төлөмдөр” – 7546,7 миң сом – 10,6%, “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу” – 3418,2 миң сом, же 4,8%, калган чыгымдар – 7,3% түзгөн.

КР Финансы министрлиги тарабынан 2024-жылга КР КС өнүктүрүү жана ишине дем берүү фонду үчүн кошумча чыгымдардын сметасы 10904,0 миң сом суммасында бекитилип, чыгымдардын төмөнкү беренелерине чыгымдалган:

миң сом

| Чыгымдар беренесинин аталышы | Берене-нин коду | 2024-жылга такталган | 2024-жылга бекитилген | Кассалык чыгымдар | Иш жүзүн-дөгү чыгым дар | Четтөө (7-6) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 6 | 7 | 8 |
| Эмгек акы | 211 | 0 | 9026,6 | 8887,0 | 8887,0 | |
| Социалдык фондго төлөмдөр | 212 | 0 | 1550,7 | 1535,2 | 1535,3 | |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу | 221 | 0 | 46,2 | 41,7 | 41,7 | |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 222 | 0 | 80,5 | 68,0 | 68,0 | |
| Машиналар жана жабдуулар | 311 | 0 | 200,0 | 160,7 | 0 | -160,7 |
| Бардыгы | | | 10904,0 | 10692,8 | 10532,0 | -160,8 |

Кассалык чыгымдар менен такталган сметанын ортосундагы 211,2 сом айырма бюджетке кайтарылган. Кассалык чыгымдардын иш жүзүндөгү чыгымдардан 160,8 миң сомго ашырылышы негизги каражаттарды сатып алуу менен түшүндүрүлөт.

## Эмгек акыга аудит

2021-жылга штаттык ырааттама 2017-жылдын 24-мартындагы № 10/од буйрук менен 51 бирдик санында бекитилген, анын ичинде: 11 бирдик – судьялар; аппарат – 31; КТП – 9, 2017-жылдын 11-июлундагы № 27/од буйрук менен кошумча 4 бирдик, КТП – 3 бирдик , ТТП – 1 бирдик, бардыгы болуп 55 бирдик бекитилген.

2022-жылы штаттык ырааттама 54 бирдик санында буйрук менен бекитилген, анын ичинде: 9 бирдик – судьялар; аппарат – 34; КТП – 11, ал азыркы учурга чейин колдонулууда.

Чыгымдардын сметасын аткаруу боюнча отчетко ылайык, “Эмгек акы” беренеси боюнча каржылоо төмөнкүдөй болгон:

| жылы | бекитилген | такталган | Четтөө (3-2) | Кассалык чыгымдар | Четтөө (3-5) | Иш жүзүндөгү чыгымдар | Четтөө (5-7) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 2021 | 35330,0 | 39352,2 | +4022,2 | 39352,2 | 0 | 39365,0 | 12,8 |
| 2022 | 44279,2 | 46171,2 | +1892,0 | 43171,4 | 2999,8 | 43158,5 | 12,9 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2023 | 44279,2 | 49009,2 | +4730,0 | 48167,5 | 841,7 | 48167,5 | 0 |
| 2024 | 50648,9 | 54771,9 | +4123,0 | 54771,9 | 0 | 54771,9 | 0 |

Мезгилдин башталышына карата бекитилген сметага ылайык эмгек акы төлөөгө чыгымдар көбөйгөн:

2021-жылы 4022,2 миң сомго көбөйгөн жана такталган сумма 39352,2 миң сомду түзгөн, кассалык чыгымдар такталган суммага ылайык жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар кассалык чыгымдардан 12,8 миң сомго ашкан, бул мезгилдин аягына карата кредиттик карыздын пайда болушуна байланыштуу болгон. Эмгек акынын жылдык фонду 39365,0 миң сомду түзгөн.

2022-жылы 1892,0 миң сомго көбөйгөн жана такталган сумма 46171,2 миң сомду түзгөн, кассалык чыгымдар 43171,4 миң сом суммасында жүргүзүлгөн же үнөмдөө 2999,8 миң сом суммасын түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдардын кассалык чыгымдарга караганда 12,8 миң сомго азаюусу мезгилдин башталышына карата кредиттик карызды төлөөгө байланыштуу болгон (киреше салыгы).

2021-жылга салыштырмалуу жылдык эмгек акы фонду 2022-жылы 3793,5 миң сомго көбөйгөн, ал 43158,0 миң сомду түздү.

2023-жылы 4730,0 миң сомго көбөйгөн жана такталган сумма 49009,2 миң сомду түзгөн. Кассалык чыгымдар 48167,5 миң сом суммасында жүргүзүлгөн же үнөмдөө 841,7 миң сом суммасын түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар кассалык чыгымдарга туура келет.

2022-жылга салыштырмалуу жылдык эмгек акы фонду 2023-жылы 5009,0 миң сомго көбөйгөн жана 48 167,5 миң сомду түзгөн.

2024-жылы 4123,0 миң сомго көбөйгөн жана такталган сумма 54771,9 миң сомду түзгөн, кассалык жана иш жүзүндөгү чыгымдар такталган суммага ылайык жүргүзүлгөн.

2024-жылы жылдык эмгек акы фонду 630658,9 миң сомду түзгөн, кызматкерлерден кармап калуу 10052,7 миң сом суммасына жүргүзүлгөн, анын ичинде: киреше салыгы – 4982,3 миң сом, социалдык фондго төлөмдөр – 5070,4 миң сом, төлөмдөр 53606,2 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

Аудит, 2024-жылы жылдык эмгек акы фондунун өсүү динамикасы 2021-жылга салыштырмалуу 40%га жакын экендигин белгилейт.

**Оор жумуштар жана эмгек шарттары зыяндуу же кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү белгилөө маселеси боюнча**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” Жобонун талаптары так аткарылбай, эмгектин зыяндуу шарттары

(компьютерде иштөө) үчүн эмгек акыга кошумча төлөмдөр бардыгы болуп 4079,0 миң сом, анын ичинде 2021-жылы 2 492, 0 миң сом, 2022-жылы 1587,0 миң сом жүргүзүлгөн (оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы № 474 токтому менен 2022-жылдын 1-августунан токтотулган).

**Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктарга аудит**

**Аныкталды жана корутунду:** Ченемден ашкан товардык-материалдык баалуулуктардын запастарынын жана эсептердеги каражаттардын калдыктарынын негиздүүлүгүнө аудит Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алуу жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускамага” ылайык жүргүзүлгөн. 2024-жылы чарба материалдарына жана кеңсе товарларына ченемден ашыкча запастар 86, 4 миң сомго белгиленген (213,9 - (255,0 /360*180). Аудиттен кийин көрсөтүлгөн сумма 2025-жылдын 20-майындагы № 11292 маалымкат билдирүү менен республикалык бюджетке калыбына келтирилген.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**аудитору** **М.К. Арзыбаев**